Кайра Жайгаштыруу Планы

---

**июль 2013**

# Кыргыз Республикасы:ТЖ-8107KGZ: БААЭК 3-Коридорун (Бишкек-Ош автожолу) Жакшыртуу Долбоору, 4-фаза (45169-002) Жалал-Абад

Азия өнүктүрүү Банкы үчүн Кыргыз Республикасынын Транспорт жана Коммуникация Министрлиги тарабынан даярдалды.

**БААЭК 3- Транспорттук Коридорун (Бишкек-Ош автожолу) Жакшыртуу Долбоору, 4-фаза**

**Кыргыз Республикасы**

**июль 2013**

**ВАЛЮТАЛЫК ЭКВИВАЛЕНТТЕР (ТЕҢ БАА)**
(2013-жылдын 18 июнуна карата)

| | | |
|---|---|---|
| Валюта бирдиги | – | Кыргыз сому |
| 1.00 | = | 0.02061 |
| 1.00 АКШ доллары | = | |

## АББРЕВИАТУРАЛАР

| | | |
|---|---|---|
| АӨБ | – | Азия өнүктүрүү банкы |
| КДТТК | – | Кызыкчылыгына долбоордун таасири тийген кожолуктар |
| КДТТА | – | Кызыкчылыгына долбоордун таасири тийген адамдар |
| КТББА | – | Кесипчилик-техникалык билим берүү агентствосу |
| БААЭК | – | Борбордук Азия аймактык экономикалык кызматташуу |
| ТК | – | Таасир этүү коридору |
| ТКИ | – | Таасирдин көлөмүн изилдөө |
| АА | – | Аткаручуу Агенттик |
| ГОП | – | Гендердик өнүктүрүү планы |
| АКТ | – | Арыздарды Кароо Тобу |
| АКМ | – | Арыздарды Кароо Механизмы |
| К | – | Кожолук |
| ЖИ | – | Жоготууларды инвентеризациялоо |
| ИДИАТ | – | Инвестициялык Долбоорлорду Ишке Ашыруу Тобу |
| ЖЫАКЖП | – | Жерди Ыйгарып Алуу жана Кайра Жайгаштыруу Планы |
| ЖЫУА | – | Жергиликтүү ыйгарым укуктуу адам |
| КМ | – | Каржы министрлиги |
| ТКМ | – | Транспорт жана Коммуникация Министрлиги |
| ЖЭБ | – | Жол эксплуатациялоо Башкармасы (ТКМнын областтык деңгээлдеги бөлүмү) |
| ЖЭИ | – | Жол эксплуатациялоо ишканасы (ТКМнын райондук деңгээлдеги бөлүмү) |
| ЧТ | – | Чектоо тилкеси |
| КЖП | – | Кайра жайгаштыруу планы |
| ДОТТК | – | Долбоордун олуттуу таасири тийген кожолуктар |
| СЭИ | – | Социалдык-экономикалык изилдөө |
| МА | – | Милдеттер алкагы |

**АНЫКТАМА**

| | | |
|---|---|---|
| Кызыкчылыгына долбоордун таасири тийген адам (КДТТА) /Кайра жайгаштырылган адамдар (КЖА) | – | Адам же адамдар, кожолуктар, фирмалар, жеке же мамлекеттик институттар долбоордун ишке ашырылышына байланыштуу пайда болгон таасирлердин натыйжасында (i) жашоо шартына терс таасири тийиши; (ii) турак-жайга, жерге (ошондой эле турак-жай куруу, коммерциялык, дыйканчылык, жайыт жана токой-чарба жерлер), суу булактарына же кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрдү түбөлүккө же убактылуу толук же бир бөлүгүн ыйгарып алуу, карамагына алуу, чектүү же кандайдыр бир түрдө таасир тийсе; жана/же (iii) жумушу, бизнеси, иш орду зыян тартса кайра жайгаштыруунун негизинде. Кожолуктра жонундо сөз болгондо КДДТА термини бир үйдө жашаган жана экономикалык кызматташтыкта болгон кызыкчылыгына долбоордун таасири тийген адамдар. |
| Таасирдин көлөмүн толук изилдөө (ТКИ) | – | Бекитилген толук техникалык долбоордун коштоосунда бул изилдоонун алкагында жоготууларды инвентаризациялоо, терс таасирдин көлөмү жана КДТТАнын тизмеси жыйынтыкталат жана бекитилет. Кайра жайгаштыруунун чыгымдары ТКИ аткарылгандан кийин билинет. |
| Компенсация | – | Долбоордун ишке ашырылышына байланыштуу жоготулган жерлердин, турак-жайлардын, киреше булактарын жана башка мүлктөрдүн ордун башка түрдөгү төлөмдөр. Бүт компенсациялар алмаштыруу наркынын принциптерине негизделген. Алмаштыруу наркынын принциптери – жоготулган мүлктү учурдагы базар баасында ордун толуктоо максатында мүлктү, административдик жана салык төлөмдөрдү, каттоо жана мыйзамдаштырууга кеткен транзакциялык чыгымдарды эске алуу менен аткарылган баалоо методу. |
| Укуктуулукту аныктоочу эң акыркы мөөнөт | – | ТКИУАнын аяктаган кун. ТКИУАнын алкагында долбоордун таасири тийген жер жана/же мүлктөр изилденет. КДТТАга укуктуулукту аныктоочу эң акыркы мөөнөт туралуу маалымат берилет жана ушул мөөнөттөн кийин долбоор ишке ашырыла турган аймакка орношкон адамдар ушул долбоордун алкагында компенсация жана жардам алуу укугуна ээ боло алышпайт. |
| Компенсация алуу укуктугу | – | Жоготуулардын түбүнө жана таасирдин олуттуулугуна карап социалдык экономикалык абалын кайра калыбына келтирүү үчүн КДТТАга бериле турган компенсация, жана алардын киреше булактарын кайрадан калыбына келтирүү, көчүү, киреше булактарынын ордун толуктоо ж.б.учурунда аткарыла турган иш-чаралар. |
| Укуктуулук | – | Компенсация алууга укук алууну аныктоочу эң акыркы |

| | | |
|---|---|---|
| | | мөөнөтко чейин долбоор ишке ашырыла турган аймакта жашаган кызыкчылыгына долбоордун таасири тийген адам (i) турак жайын, (ii) мүлкүн же мүлкүнө жетуу мүмкүнчүлүгүн түбөлүккө же убактылуу, же (iii) көнүмүш жашоо шартын же киреше булагын жоготкон, көчүрүлүүгө дуушар болуусуна карабай компенсация жана/же жардам алууга укуктуу кызыкчылыгына долбоордун таасири тийген адамдар. |
| Киреше булактарын калыбына келтирүү | – | Долбоордун таасири тийген кожолуктардын киреше булактарын жана жашоо шартын кайра калыбына келтирүү. |
| Киреше булактарын калыбына келтирүү программасы | – | Бул программанын алкагында КДТТАнын киреше булактарын/долбоорго чейинки жашоо шартын калыбына кайра келтирүүдө көмөк көрсөтүү максатында аткарылуучу ар кандай иш аракеттер каралган. ЫУ изилдөөнүн жыйынтыгынын жана консультациялардын негизинде КДТТАнын конкреттүү муктаждыктарын чечүү максатында ушул программа даярдалды. |
| Жоготууларды инвентаризациялоо (ЖИ) | – | Кыймылсыз мүлктү (коммерциялык баасы бар жана киреше жана жашоо булактары катарында колдонулган жана долбоордун чектоо тилкесинде жайгашкан үй куруу, коммерциялык жана дыйканчылык максатта колдонулган жерлер; турак-жайлар; киоскалар, прилавкалар жана дүкөндөр; тосмо, дарбаза сыяктуу кошумча имараттар жана дарактар ж.б.) аныктоо жана баалоо. Кыймылсыз мүлктүн ээси аныкталып, анын анык жайгашкан жери белгиленет, жана алардын алмаштыруу наркы эсептелинет. Мындан сырткары КДТТАнын мүлкүнө, жашоо шартына жана өндүрүштүк кубаттуулугуна тийген олуттуу таасирлер аныкталат. |
| Жерди ыйгарып алуу | – | Индивид, кожолук, фирма же жеке ишкана мамлекеттик орган тарабынан өзүнүн ээлик кылган же карамагында турган жеринин бүт же бир бөлүгүн ошол мамлекеттик органга мамлекеттин карамагына алмаштыруу наркына тең компенсация алуу менен зордуу шартта өткөрүп берүү процесси. |
| Реабилитация | – | Киреше алып келген мүлктөрүн, иш орундарын, киреше жана жашоо булактарын жоготкон КДТТАга кур дегенде долбоорго чейинки жашоо деңгээлин калыбына келтирүү үчүн ыйгарылып алынган мүлктөргө компенсация төлөөдө кошумча жардам көрсөтүү болуп эсептелинет. |
| Көчүрүү | – | КДТТАнын долбоорго чейинки жашаган жана/же коммерциялык максатта колдонулган жеринен көчүрүлүшү. |
| Алмаштыруу наркы | – | Мүлктү учурдагы базар наркында же базар наркына жакын тең баада, административдик төлөмдөрдү, салык төлөмдөрдү, каттоо жана мыйзамдаштырууга кеткен транзакциялык чыгымдарды эске алуу менен аткарылган баалоо методу. |

| | | |
|---|---|---|
| Алмаштыруу наркын изилдоо | – | Эмпирикалык маалыматтардын негизинде зыян келтирилген мүлктөрдүн алмаштыруу наркын аныктоо процесси. |
| Кайра жайгаштыруу | – | Кайра жайгаштыруу КДТТАнын мүлкүнө жана/же жашоо шартына долбоордун тийгизген терс таасирлерин жеңилдетүү максатында аткарылган иш-чараларды, жана ошондой эле компенсацияны, кайра жайгаштырууну (керек учурда) жана зарыл болгон өлчөмдө оңдоп-түздөө жумуштарын камтыйт. |
| Кайра жайгаштыруу планы (КЖП) | – | Убакытка чектелген, компенсация төлөө үчүн каралган бюджетти жана кайра жайгаштыруу планынын стратегиясын, максаттарын, адамдардын укуктуулугун, иш-чараларды, жоопкерчиликтерди, көзөмөлдөө жана баалоо жумуштарын камтыган иш-аракет планы. |
| Долбоордун олуттуу таасири тийген кожолуктар (ДОТТК) | – | Долбоордун ишке ашырылышына байланыштуу (i) мүлкүнүн жана/же түшүм берген бардык жеринин 10% же андан көп жоготкон, (ii) көчүүгө мажбур болгон; жана/же (iii)бардык киреше булагынын 10% же андан көп жоготкон кожолуктар. |
| Социалдык жактан корголбогон топтор | – | Шайкеш келбеген өлчөмдө зыян тартышы мүмкүн болгон же кайра жайгаштыруунун таасири тийсе деле көңүл бөлүнбөй калышы мүмкүн болгон ар кандай топтогу адамдар. Бул топко төмөндүгү адамдар кирет: (i) аял жетектеген кожолуктар менен бирге анын багуусунда турган адамдар, (ii) мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар жетектеген кожолуктар, (iii) белгиленген жакырчылык чегиненен төмөн жашаган кожолуктар,(iv) багар-көрөрү жок жаш балдар жана кары адамдардан турган жер үлүшү жок кожолуктар (v) жер үлүшү жок кожолуктар (vi) жергиликтүү эл же этникалык аздыктар кирет. |

Кайра жайгаштыруу планы Насыя алуучунун документи болуп саналат. Бул документте билдирилген ой-пикирлер, АӨБнын директорлор кенешинин, башкаруу курамынын же жумушчуларынын ой-пикирлерине сөзсүз дал келет дегенди билдирбейт жана маңызы жагынан алгачкы документ болушу мүмкүн. Сиздин көңүлүңүздү ушул интернет баракчасынын “колдонуу эрежелерине ” бурабыз.

Бардык өлкөлүк программаларды же стратегияларды даярдоодо, бардык долбоорду каржылоодо же кандайдыр бир көрсөтмө же бул документте белгилүү аймакка же географиялык облустка шилтеме берүүдө Азия Өнүктүрүү Банкы бардык аймактын же облустун укуктук же башка макамына карата кандайдыр бир пикир чыгарууну ниеттенбейт.

## A. Аткаруу резюмеси

1. **Долбоор жөнүндө маалымат**. Сунушталып жаткан долбоордун алкагында Бишкек-Ош жолунун маанилүү 130 чакырымдай бөлүгүнүн реабилитацияланышынын жыйынтыгында, республикалык жана аймактык байланыштар жакшыртылат. Сунушталган долбоор 2012-2014 жылдарга Кыргыз Республикасынын өнүктүрүүнүн орто мөөнөттү программасынын приоритеттуу багытына дал келет жана АӨБ тарабынан Кыргыз Республикасы үчүн даярдалган 2012-2014 жылга өлкөлүк операциялар боюнча Бизнес планынын долбооруна киргизилген Өкмөттүн приоритеттерине дал келет.

2. Бишкек-Ош автожолу Кыргызстандагы эл аралык коридорлордун негизги жол тармагынын үчтөн бирин түзөт жана өлкөнү түндүктө Казакстан менен, түштүктө Өзбекстан жана Тажикистан менен жана түштүк-чыгышта Кытай Эл Республикасы менен байланыштырат. Бул жол өлкөнүн жети облусунун ичинен төрт областтын аймактары аркылуу өтөт жана 2 миллионго жакын адамды тейлейт. Бишкек-Ош автожолу өлкөнүн түштүк жагын түндүк жагы менен байланыштыруучу жападан жалгыз жер үстүндөгү түз жол болгондугуна байланыштуу өлкөнүн социалдык, саясый жана экономикалык бүтүндүгүн камсыздоодо маанилүү орду бар. Бишкек-Ош автожолу Россия Федерациясынын Сибирь аймагынын батышынан жана түштүгүнөн тартып Казакстан, Кыргыз Республикасы, Тажикистан, Ооганстан жана Өзбекстан аркылуу Жакынкы Чыгышка жана Түштүк Азияга чейин жеткен Борбор-Азиялык Аймактык Экономикалык Кызматташтыктын (БААЭК) 3 транспорттук Коридорунун бир бөлүгү болуп саналат.

3. Бишкек-Ош автожолунун Маданият-Жалал-Абад бөлүгү (2-бөлүм) 503кмдеги Бишкек-Ош автожолунун кесилишинен башталат. Ушул кесилиште өзбекистан жакка кеткен жол бар. Жолдун көп бөлүгү эки тилкелүү жана кеңдиги 7.5 метрден 9 метрге чейин.

4. **Кайра жайгаштыруудан пайда болгон таасирдин көлөмү.** Курулуш жумуштары үчүн жалпы болуп 404,0м2 үй тургузулган жер талап кылынат. ТКИ жана баалоонун жыйынтыгындын негизинде долбоордун таасири тие турган 4 үй жана 12 дүкөн кафе/киоск катталган. Мындан сырткары долбоордун таасири тие турган 103 кошумча курулуштар (13 түрү) бар. Жалпысынан 57 кожолук долбоордун таасирине кабыл болууда.

5. **Көчүрүлгөн кожолуктардын социалдык-экономикалык абалы.** Долбоордун таасири тийген имараттарды баалоо максатында ТКИ аткарылды. Ээлеринин жоктугуна же алардын баш тартканына байланыштуу ТКИ боюнча иштер аткарыла элек, бирок ТКИ иштерин аткаруу үчүн аракеттер жасалат. Сурамжылоо убагында эки кожолук социалдык жактан корголбогон деп аныкталды. Кызыкчылыгына долбоордун таасири тийген бир адамдын кирешесинин 45 пайызы долбоордун олуттуу таасирине туш болгон дүкөндөн түшөт, ал эми экинчи адамга 66 пайыздык өлчөмдө олуттуу таасир келтирилген.

6. **Консультация, Маалыматты ачыктоо жана Арыздарды Кароо.** Кайра жайгаштыруу боюнча түзүлгөн топ АӨБнын консультациялар үчүн даярдалган протоколунун негизинде иш алып барышты. Июнь айында ушул проектин алкагында башка Байланыш Планы иштелип чыгылды. Биринчи социалдык жана экономикалык абалды изилдөө учурунда проект туралуу кыскача маалымат таркатылды. Бул жөнүндө маалымат 2 тиркемеде тиркелген. ТКИ убагында дагы маалымат таркатылды. Бул жөнүндө маалымат 3 тиркемеде тиркелген. Мындан сыркары коомдор үчүн маалыматтык китепче 3 тилге которулуп долбоор ишке ашырыла турган ар бир райондорго жеткирилди. Бул жөнүндө маалыматты 4 тиркемеден таба аласыз. Долбоордун алкагында бир нече коомдук консультациялар өткөрүлөт – биринчи чогулуштун протоколу 5 тиркемеде

тиркелген. 22-24 июлда бир гана КДТТА гана эмес жарандык өкүлдүн катышуусунда кошумча дагы бир коомдук консультациялар өтөт.

7. **Таасирдин көлөмүн толук изилдөө жана жоготууларды инвентаризациялоо (ЖИ).** Таасирдин көлөмүн толук изилдөө (ТКИ) иштери изилдөө жоопкерчилигин мойнуна алган ЖЫАКЖ комиссиясы тарабынан аткарылат. Долбоорду даярдоо учурунда техникалык жардам көрсөтүү тобу ЖИ боюнча тийиштуу маалыматты топтоодо ЖЫАКЖ комиссиясына жардам көрсөттү. 2013-жылдын июнь айында баалоочу жоготууларды инвентаризациялоону аяктады. ЖИ алкагында ар бир имаратка келтирилген зыяндын көлөмү аныкталды.

8. **Укуктук негиздер жана принциптер.** Укуктук негиздер жана принциптер ылайыктуу, АӨБ Этияттык чараларын камсыздоо саясаты боюнча билдирүүлөрдү жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын камтыйт. АӨБнун саясатынын максаты кайра жайгаштырууну мүмкүн болушунча жол бербөө, кайра жайгаштырууну болтурбоо мүмкүн болбой калган учурда анын таасирлерин жеңилдетүү, долбоордун таасири тийген кожолуктардын, айрыкча кедей жана социалдык жактан корголбогон кожолутардын жашоо шартын кайрадан калыбына келтирүү жана жакшыртуу болуп саналат. Компенсациялык төлөмдөр алмаштыруу наркынын принциптеринин негизинде аткарылат.

9. **Ишке ашыруу механизмдери.** ТКМ ЖЫАКЖПны даярдоодо жана ишке ашырууда бүт жоопкерчиликти мойнуна алган аткаруучу агенттик болуп саналат.

10. **КЖПнын бюджети.** Долбоордун таасири тийген кожолуктарга берилүүчү компенсация, жөлөк пулдар жана кайра жайгаштырууга кетчү чыгымдар бюджеттин чыгымдар сметасында каралган. *Баалоонун жыйынтыгында алынган сандар так эмес, сандар баалоо боюнча отчет Мамлекеттик курулуш агенттиги (Госстрой) тарабынан жактырылып, толук долбоорду иштеп чыгуу стадиясында юридикалык корутунду чыгарылгандан кийин гана такталат.*

11. **Козомолдоо.** Ичке көзөмөл үчүн ИДИАТ жоопкерчиликти өз мойнуна алат. Сырткы көзөмөл ЖЫАКЖП I жана ЖЫАКЖП II камтуу үчүн Кара-Балта долбоорунун бюджетинде каралган.

12. **КЖПны жанылоо.** Азыркы учурда алгачкы долбоор даярдалып жатат жана ал 2013-жылдын август айынын этектеринде даяр болот. Алгачкы долбоорду даярдоо убагында башка жаңы КДТТА аныкталды. Долборлоо тобу адамдарга тийе турган долбоордун терс таасирин жеңилдетүү максатында бүт колдо болгон мүмкүнчүлүктөрдү колдонуу менен долбоорго өзгөртүүлөрдү киргизип жатышат. Акыркы долбоор 2014-жылдын сентябрь айында даяр болот. Төмөндө иш-чараларды аткаруу графиги көрсөтүлгөн.

*Таблица ES1 Иш-чараларды аткаруу графиги*

| **Кайра Жайгаштыруу алкагында иш-чаралардын аткарылышы** | **Болжолдуу график** |
|---|---|
| КЖП даярдоо | апрель – июнь 2013 |
| КЖПнын биринчи долбоордук вариантын тапшыруу | 27 июнь 2013 |
| АОБ тарабынан жактыруулуусу | 18 июль 2013 |
| Жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнө жана КДТТАга КЖП боюнча маалыматты ачыкка чыгаруу | июль 2013 |
| Долбоордун алгачкы варианты | 30-сентябрь, 2013 |

| **Кайра Жайгаштыруу алкагында иш-чаралардын аткарылышы** | **Болжолдуу график** |
|---|---|
| Долбоордун акыркы варианты | Сентябрь 2013 – Сентябрь 2014 |
| КЖП жанылоо (ДТИ маалыматтарын жанылоо + Баалоо) | Акыркы долбоор аныкталгандан кийин |
| Жаныланган КЖП ишке ашыруу | Октябрь 2014 – июль 2015 |
| Курулуш иштеринин контрактарын сатып алуу | Сентябрь 2014 – август 2015 |
| Бут КДТТАга компенсациянын толлук өлчөмдө төлөнүп берилиши | 31 август 2014 |
| Курулуш иштеринин башталышы | Октябрь 2015 |
| Сырткы көзөмөл | Октябрь 2015 андан кийин белгилүү бир аралыктарда |
| Ички көзөмөл | Декабрь 2014 (квартал) |

## B. Долбоор жөнүндө маалымат

### *B.1 Долбоор жөнүндө маалымат*


13. Сунушталып жаткан долбоордун алкагында Бишкек-Ош жолунун маанилүү 130 чакырымдай бөлүгүнүн реабилитацияланышынын жыйынтыгында, республикалык жана аймактык байланыштар жакшыртылат. Сунушталган долбоор 2012-2014 жылдарга Кыргыз Республикасынын өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү пограммасынын приоритеттуу багытына дал келет жана АӨБ тарабынан Кыргыз Республикасы үчүн даярдалган 2012-2014 жылга өлкөлүк операциялар боюнча Бизнес планынын долбооруна киргизилген Өкмөттүн приоритеттерине дал келет.

14. Бишкек-Ош автожолу Кыргызстандагы эл аралык коридорлордун негизги жол тармагынын үчтөн бирин түзөт жана өлкөнү түндүктө Казакстан менен, түштүктө Өзбекстан жана Тажикистан менен жана түштүк-чыгышта Кытай Эл Республикасы менен байланыштырат. Бул жол өлкөнүн жети облусунун ичинен төрт областтын аймактары аркылуу өтөт жана 2 миллионго жакын адамды тейлейт. Бишкек-Ош автожолу өлкөнүн түштүк жагын түндүк жагы менен байланыштыруучу жападан жалгыз жер үстүндөгү түз жол болгондугуна байланыштуу өлкөнүн социалдык, саясый жана экономикалык бүтүндүгүн камсыздоодо маанилүү орду бар. Бишкек-Ош автожолу Россия Федерациясынын Сибирь аймагынын батышынан жана түштүгүнөн тартып Казакстан, Кыргыз Республикасы, Тажикистан, Ооганстан жана Өзбекстан аркылуу Жакынкы Чыгышка жана Түштүк Азияга чейин жеткен Борбор-Азиялык Аймактык Экономикалык Кызматташтыктын (БААЭК) 3 транспорттук Коридорунун бир бөлүгү болуп саналат.

15. Бишкек-Ош автожолунун Маданият-Жалал-Абад бөлүгү (2-бөлүм) 503кмдеги Бишкек-Ош автожолунун кесилишинен башталат. Ушул кесилиште Озбекистан жакка кеткен жол бар. Жолдун көп бөлүгү эки тилкелуу жана кеӊдиги 7.5 метрден 9 метрге чейин, ал эми жолдун четинин кеӊдиги 1.5 метрден 2.5 метрге чейин. Бишкек-Ош автожолунун Маданият-Жалал-Абад бөлүгү ИОБнын колдоосунда жакында эле курулган Жалал-Абад-Озгон жолунун кесилишинен бүтөт. ЧТ алкагында долбоордун таасири тийүүчү эч нерсе (мулктор/жерлер) жок, бирок жол Кочкор-Ата, Маасы жана Базар-Коргон сыяктуу бир нече калк жайгашкан ири пункттардын борборун аралап өтөт. Жалал-Абад

шаары автожолдун ушул бөлүгүндө жайгашкан эң ири калк жашаган шаар болуп эсептелинет, бирок жол шаардын борборун аралабай, шаардын түштүк жагы менен өтүп кетет. Жол өткөн аймак түз жана адырлуу жана деңиз деңгээлинен 570-860м бийиктикте жайгашкан.

16. Төмөндөгү картада Бишкек-Ош автожолунун оңдоло турган бөлүгү көрсөтүлгөн. Мындан сырткары картада долбоордон ишке ашырылышынын негизинде олуттуу зыянга учурай турган бир нече курулуштар көрсөтүлгөн.




*1 сурот: Олуттуу зыянга учурай турган курулуштардын жайгашуу картасы*

### *B.2 Таасирди женилдетуу максатында аткарыла турган иш-чаралар*

17. АӨБнын кайра жайгаштыруу саясатынын негизги компоненти мүмкүн болушунча аргасыздан кайра жайгаштырууга жол бербөө аргасыздан кайра жайгаштыруу болуп саналат. Долбоорду даярдоодо техникалык жардам көрсөтүү учурунда, жерди ыйгарып алууга жана кыймылсыз мүлктөрдү бузууга болгон муктаждыктарды азайтуу максатында инженерлердин арасында жергиликтүү бийлик окулдору жана кайра жайгаштыруу боюнча адистердин катышуусу менен ТЖ8107нин техникалык долбоорунун варианттары талкууланды.

18. Жаңы жолдорду куруу жана/же эски жолдорду жакшыртуу (мисалга, карьерлерди, жараксыз материалдарды сактоо аянттарын, курулуш үчүн убактылуу жерлерди талап кылуучу) сунуштары жерлердин, мүлктөрдун ыйгарылып алынышы, жашоо-шартынын өзгөрүшү жана киреше булактарынын жана башка кызматтарга жетүү мүмкүнчүлүктөрүнүн жоготулушу менен КДТТА олуттуу терс таасир этүүсү мүмкүн. Мисал үчүн, социалдык абалга олуттуу терс таасир этүүчү пункттарга төмөндөгүлөр кирет: жерди түбөлүккө ыйгарып алуу муктаждыгы, жаңы жолдун салынышы/кенейтилиши; ал эми курулуш участогу, карьерлер жана жараксыз материалдарды сактоо аянттары сыяктуу пункттардан турган жерди убактылуу ыйгарып алуу муктаждыгы, социалдык абалга аз жана убактылуу таасир этүүсү күтүлөт.

19. Долбоорчулардын долбоордун максаты үчүн жерди ыйгарып алууну азайтуу үчүн бүт иш-чараларды дыккаттык менен иштеп чыкканына карабастан, курулуш иштери аткарылып жаткан убакта долбоор ишке ашыруулуучу участокто жашаган жергиликтүү адамдар өздөрүнүн жерлеринин бир бөлүгүн жоготот. Бул ыйгарылып алынган жерлер жаңы жол куру максатында иштетилет. Курулуш иштери аткарылып жаткан убакта учурда ушул участокто жашап жаткан калкка ыңгайсыздыктар жаратылат.

20. Долбоорду даярдоо убагында жерди ыйгарып алуунун негизинде пайда болгон таасирди жеңилдетүү үчүн көптөгөн чечимдер инженерлердин, коргонуу чаралары боюнча консультанттардын жана жергиликтүү калктын катышуусунда талкуланды.

21. Долбоордун консультанты жерди ыйгарып алуу муктаждыгын азайтуу үчүн төмөндөгү долбоорлоо принциптерин колдонду:

- Долбоорлоо принциптери –Курулуш чыгымдарын кыскартуу жана жерди ыйгарып алуу муктаждыгын азайтуу үчүн азыркы учурда жаңы колдонулуп жаткан усул/практика бул ушундай таасирлерди ыңгайлуу бир жерге чектеген иш-чараларды аткаруу жана эрежелерди сактоо болуп саналат. Мындай принциптин негизинде салына турган жол эски жолдун устуно курулат жана керек учурда гана, туурасынан кеткен кесилиштин размерин камсыздоо гана максатында жаңы жолдун аянты кеңейтилиши мүмкүн.
- Долбоордун менеджери жана кайра жайгаштыруу тобу долбоордун таасири тийуучу ар бир участокту изилдеп чыгышты. Кээ бир жерлерде, ТКИ аткарылгандан кийин долбоор ишке ашырыла турган участокто кошумча КДТТАлар аныкталды, ушуга байланыштуу алгачкы КДТТАнын санын жан олуттуу терс таасирди азайтуу максатында долбоорго өзгөртүүлөр киргизилип жатат.

### *В.3 Кайра жайгаштыруу планынын максаттары*

22. Ушул КЖПда Жалал-Абад облусунда “Кыргызстан: TA-8107KGZ: БААЭК 3-Коридорун (Бишкек-Ош автожолу) жакшыртуу долбоорунун ишке ашырылышынын негизинде калктын жашоо-шартына жана мүлктөрүнө тийген таасирлер көрсөтүлгөн. Бул планда долбоордун таасири тийген райондор гана көрсөтүлгөн.

23. Бул КЖПнын максаты кызыкчылыгына долбоордун таасири тийген кожолуктардын жашоо шартын жакшыртуу же кур дегенде долбоорго чейинки жашоо деңгээлин калыбына келтируу болуп саналат. КЖпнын алкагында жол куруу/жолду жакшыртуу иштери аткарылышына байланыштуу турак жайларын, жерлерин жана киреше булактарын жоготкон адамдарга омпенсация каралган.

24. Мындан сырткары, ушул КЖПда жолду жакшыртуу иштерин аткаруу үчүн жерди ыйгарып алуудан пайда болгон, болтурбоосу мүмкүн болбогон, терс таасирлерди жеңилдетүү жолдору каралган. Ушул КЖПнын негизги максаты бул КДТТАга учурдагы базар баасында эсептелинген алмаштыруу наркынын негизинде келтирилген жоготуулар үчүн компенсация төлөп берүү жана жок дегенде долбоорго чейинки жашоо-шартын камсыздоо үчүн жөлөк пулдар сыяктуу кайра калыбына келтирүү боюнча иш-чараларды сунуштоо болуп саналат.

25. Ушул КЖП төмөнку пункттардын негизинде даярдалган:

- Ушул долбоордун алкагында инженердик изилдоолор жана долбоорлоо иштери 2013-жылда аткарылды;
- Жоготуларды инвентаризациялоо (ЖИ) 2013-жылдын июнь айында жыйынтыкталды;
- КДТТАнын социалдык-экономикалык абалы 2013-жылдын май айында изилденди; жана
- Жергиликтүү бийлик өкүлдөрү менен талкуулоолор жана КДТТА менен консультациялар.

Ушул КЖПнын алкагында 2013-жылы июнь айында аткарылган объекттердин алмаштыруу наркын изилдоо иштерин камтыйт (мисал үчүн, жер, турак жайды кайра куру жана дүкөндөгү баалар).

## G. Укуктук негиздер

### G.1 Азия өнүктүрүү Баңкынын саясаты

26. АӨБ Этияттык чараларын камсыздоо саясаты боюнча билдирүүсү (2009) азыркы убакта колдонулуп жаткан үч этияттык чараларын камсыздоо саясатынан турат: (1) Аргасыздан кайра жайгаштыруу (АКЖ); жергиликтүү элдер (ЖЭ); жана Айлана чөйрө.

27. Аргасыздан кайра жайгаштыруунун максаттары:

- мүмкүн болушунча аргасыздан кайра жайгаштырууга жол бербөө;
- мүмкүн болгон бардык жагдайларда кайра жайгаштырууга жол бербөө үчүн ар кандай альтернативалык долбоорлорду жана дизайндарды кароо;
- КДТТАнын мурдагы шарттарына салыштырмалуу жашоо шарттарын жакшыртуу же болбосо долбоорго чейинки калыбына келтирүү; and
- тартыш турмушта жашаган же аз камсыз болгон КДТТАнын жана социалдык жактан корголбогон башка топтордун турмуш шарттарын жакшыртуу.

28. Аргасыздан кайра жайгаштыруу алкагында кыймылсыз мүлктөрдүн (көчүрүү, жашаган жерлерден айрылуу же турак-жайын жоготуу) жана киреше булактарынын (жерлердин, мүлктөрдүн, мүлктөргө жетуу мүмкүнчүлүгүнүн, киреше булактарынын же жашоо шартын камсыздоочу башка бир булактардын жоготулушу) көчүрүлүшү каралган., (i) аргасыздан жерди ыйгарып алуу; же (ii) жерди колдонууну же мыйзам тарабынан руксат берилген эс алуу жайларына жана кайтарылган аймактарга жетүү мүмкүнчүлүгүн аргасыздан чектоо – мындай келтирилген жоготуулар толук же жарым жана аргасыздан коюлган чектоолор убактылуу же ар дайым экендигин карабай. Мындан сырткары, ушул саясат башка каржы булактарынан каржыланган жогоруда аталган пункттарга тиешелүү иш-аракеттерди жана насыя алуучу/кардар тарабынан АОБнын колдоосунда аргасыздан кайра жайгаштыруу боюнча аткарылган иш-чараларды камтыйт.

29. АӨБ тарабынан каржыланган долбоорлорду, жана ошондой эле ушул долбоорлорго тиешелүү башка каржы булактары же өкмөт тарабынан каржыланган иш-чараларды ишке ашыруу алкагында төмөнкү принциптер сакталышы керек:

- аргасыздан кайра жайгаштыруунун таасирин жана рисктерин жана сурамжылоо жана/же долбоордун таасири тийген адамдарды каттоо, ошондой эле гендердик анализге өзгөчө тиешеси бар кайра жайгаштыруунун таасирлерин жана рисктерин аныктоо жолу менен кайра жайгаштырууну пландоо көлөмүн белгилөө.
- КДТТА, жергиликтүү коомчулук жана кызыктар бейөкмөт уюмдар менен маанилүү ар тараптүү консультацияларды өткөрүү.
- кайра жайгаштыруу варианттарын жана укуктуулугун КДТТАга маалымдоо жана алардын, өзгөчө жакыр жана социалдык жактан корголбогон адамдардын, долбоордун ар кандай стадиясында катышуусун камсыздоо.
- КДТТАдан түшкөн арыздарды кароо жана анын чечилишин тездетүү максатында Арыздарды кароо механизмин түзүү.
- Көчүрүлгөн элдердин социалдык жана маданий жайларына жана аларды кабыл алуучу калкка көмөк көрсөтүү.
- төмөндө көрсөтүлгөн иштер аркылуу көчүрүлгөн адамдардын жашоо шартын жакшыртуу же кур дегенде кайрадан калыбына келтирүү:

(i) жерге негизделген кайра жайгаштыруу стратегиясы эгерде долбоордун таасири тийген киреше булагы жерден келсе, мүмкүн болушунча; же акчалай компенсация/

жердин жоготулушу жердин алмаштыруу наркында жардам, эгерде жердин жоготулушунун натыйжасында каражат булактары зыянга учурабаса;
(ii) тен же жогору баадагы мүлккө жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыздоо менен мүлктөрдүн ордун кыска убакта толуктоо;
(iii) кайра калыбына келтирилиши мүмкүн болбогон мүлктөргө, алардын толук алмаштыруу наркында кыска убакта компенсация/жардам көрсөтүү; жана
(iv) мүмкүн болушунча, пайдаларды бөлуштурүү схемасы аркылуу кошумча кирешелер жана кызматтар көрсөтүлөт.

30. Төмөндө көрсөтүлгөн пункттарды камтыган, мүлктөрү жана киреше булактары көчүрүлгөн адамдарга керектүү жардамдарды көрсөтүү:

(i) Эгерде кочуруу иштери каралса, анда кочурулуп барган жерге болгон укугун камсыздоо, жумуш орундарына жетуу мүмкүнчүлүкторүн камсыздоо менен жаны жердеги жашоо шартын жакшыртуу, кочурулгон адамдардын кабыл алган коом менен социалдык жана экономикалык интеграциялашуусу жана долбоордун пайдаларын кабыл ылган коомго жеткируу;

(ii) жерлерди иштетүүдо, насыя алууда, квалификациясын онүктүрүүдо, жумушка орношууда; жана (iii) граждандык инфраструктура жана коммуналдык кызматтардан пайдаланууда убактылуу колдоо жана социалдык экономикалык абалын жакшыртууда жаржам корсотуу.

31. Көчүүгө дуушар болгон жакыр жана башка социалдык жактан корголбогон, жана ошондой эле аял жетектеген кожолуктардын жашоо шартын жакшыртуу же кур дегенде улуттук минималдуу жашоо стандартына теңөө.

32. Эгерде жерди ыйгарып алуу сүйлошүүлордүн негизинде аткарыла турган болсо, анда суйлошуулордун негизинде ишке ашырыла турган кайра жайгаштыруу процессине катышкан элдердин мурдагы кирешелерин жана жашоо каражаттарын сактап калуусун же кирешелерин жана жашоо каражаттарын кобойтуп/жакшыртып алуусун камсыздоо максатында процедуралар ачык-айкын, жана адилеттуулук менен даярдалынып ишке ашырылышы керек.

33. Жерге болгон менчик укугу жок же мыйзамдуу укугу таанылбаган кочурулгон адамдар кайра жайгаштыруунун алкагында корсотуулучу жардам алууга жана жана жоготкон мүлкторү (жер мене байланышпаган) үчүн толонүүчү компенсация алууга укуктуулуугун камсыздоо.

34. Көчүрүлгөн адамдардын укуктуулугун, киреше булактарын кайра калыбына келтируу стратегиясын, институционалдык механизмдерди, козомолдоо жана отчеттук методдорду, бюджетти убакытка негизделген аткаруу графигин камтыган кайра жайгаштыруу планын даярдоо.

35. Долбоордук жана акыркы кайра жайгаштыруу планын тушунуктуу тилде жана формада көчүрүлгөн адамдарга жана кызыккан тараптарга ачыкка чыгаруу.

36. Аргасыздан кайра жайгаштыруу планын онуктуруу долбоорунун бир болугу деп билуу жана ишке ашыруу. Кайра жайгаштыруунун бут чыгымдарын долбоордун чыгымдарына жана пайдаларына кошуу.

37. Кайсы бир долбоорду ишке ашыруу убагында кайра жайгаштыруудан пайда болгон таасирлер олуттуу болсо, анда долбоордун аргасыздан кайра жайгаштыруу компонентин долбоордон башка өзунчө бир компонент деп бөлүү.

38. Мүлктөрдүн же киреше булактарынын көчүрүлүшүнөн мурда компенсация төлөө жана кайра жайгаштырууга тиешелуу башка кызматтарды корстоуу. Долбоор ишке ашырылып жаткан убакыттын ичинде кайра жайгаштыруу планын кату көзөмөлгө алуу.

39. Кайра жайгаштыруу планы алгачкы абал жана кайра жайгаштыруунун жыйынтыктарын эске алуу мене коюлган максаттарга жетип же жетпегенин аныктоо максатында, кайра жайгаштыруунун жыйынтыктарын, алардын көчүрүлгөн элдердин жашоо шартына тийгизген таасири көзөмөлдөө жана анализдоо.

40. Көзөмөлдөө боюнча отчетторду ачыкка чыгаруу.

41. Толук алмаштыруу наркы төмөндөгү пункттардын негизинде саналат:

(i) компенсация төлөө учурундагы адилеттуу учурдагы базар наркы;
(ii) транзакциондук чыгым;
(iii) саналган пайыздык толомдор;
(iv) транзакциондук жана кайра калыбына келтирүү үчүн чыгымдар; жана
(v) башка аткаруулучу иштер чыгымдары, эгер бар болсо.

Эсептөөдө имараттарды амортизациялоо эсепке алынбайт.
Тажрыйбалуу жана татыктуу адис тарабынан ыйгарылынып алынган мүлктөр бааланат.

42. Ыйгарылынып алынган жерлерге расмий укугу жок же таанылбаган адамдар жана кожолуктар, эгерде ыйгарылынып алынган жердеги имараттарды же жерди укуктуулукту аныктоочу акыркы мөөнөткө чейин ээлеп/колдонуп келген болсо, жерден сырткары, турак-жай же башка кошумча имараттар сыяктуу жоготкон мулктөру үчүн дагы деле алмаштыруунун толук наркында компенсация алууга укуктуу.

### G.2 Кайра Жайгаштыруу саясаты боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдары

#### а. Кыргыз Республикасынын Конституциясы

43. Кыргыз Республикасынын 12 статьясында (2010-жылдын июну) төмөндөгүдөй жазылган:

• Кыргыз Республикасында менчиктин ар кандай формасы таанылат жана жеке, мамлекеттик, муниципалдык жана башка менчиктин формаларына бирдей укуктук коргоого кепилдик берилет(12-берене,1-пункт).
• Жеке менчикке берилиши мүмкүн болбогон жайыттардан тышкары жер жеке менчикте, муниципалдык жана жеке менчиктин башка формасында болушу мүмкүн (12-берене,5-пункт).

• Менчикке болгон укук кол тийбестикке ээ. Эч ким мыйзамсыз менчигинен ажыратылууга тийиш эмес, менчиктен ажыратуу соттун чечими менен гана жүргүзүлүүгө тийиш(12-берене,2-пункт)

• Мыйзамда аныкталгандай, коомдук керектөөлөргө мүлк соттун чечиминин негизинде гана алынышы мүмкүн, ал мүлктүн наркы, мүлктөн ажыратуунун

жүрүшүндө туш келген чыгымдары адилеттүү жана алдын-ала төлөнүп берилүүгө тийиш(12-берене,2-пункт).

**b. КР Жарандык кодекси (№16,1996жыл 8-май; 2013-жылдын 30-майындагы редакциясында)**

44. Эгерде мыйзам же мыйзамга ылайык келишимде башкача каралбаса, Жарандык кодекс укугу бузулган адам ага келтирилген чыгымды толук төлөп берүүнү талап кылууга укуктуу экендигин аныктайт(14 берене,1-пункт). Жарандык кодексте аныкталган компенсациялоого тийиш болгон чыгымдар төмөндөгүлөр:

i. бузулган укугун калыбына келтирүү үчүн укугу бузулган адамдын чыгымын калыбына келтирүү (14-берене,2-пункт)
ii. анын мүлкүн жоготуу же бузуу(реалдуу чыгым) (14-берене,2-пункт)
iii. жарандык жүгүртүүнүн кадыресе шарттарында алышы мүмкүн болгон, бирок укугу бузулгандыгына байланыштуу алынбай калган пайда (жоготулган пайда) (14-берене,2-пункт)
iv эгерде мыйзамды бузган адам киреше алса, укуктары бузулган адам коё берилген мүмкүнчүлүктөрдүн наркы менен биргеликте башка коё берилген кирешелерге тен өлчөмдөөчү чыгымдарды кайтарып алуу үчүн компенсация талап кылууга акысы бар.

**c. Жер Кодекси (№45 1999-ж.2-июну; 2009-жылдын 26-майдагы редакцияда)**

45. Кыргыз Республикасынын Жер Кодекси төмөндөгүлөрдү аныктайт:

• мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар үчүн жер участогун ыйгарып алуу ыйгарым укуктуу орган менен жер участогунун ээси же жерди пайдалануучунун ортосунда келишимдин негизинде ыйгарып алуу(сатып алуу)жүргүзүлөт.Эгерде жер участогунун ээси же жер пайдалануучу ыйгарып алууга (сатып алууга)же анын шарттарына макул болбосо,ыйгарым укуктуу орган терс жооп алган учурдан тартып эки айлык мөөнөттүн аралыгында жер участогун акысыз ыйгарып алуу(сатып алуу) тууралуу арыз менен сотко кайрылууга акысы бар(68-берене,1-пункт).

• жер участогунун сатып алуу баасын аныктоодо ага жер участогуна укугунун жана ал жерде жайгашкан имараттардын жана курулуштардын базар наркы, ошондой эле жер ээсине же жерди пайдалануучуга жер участогуна укугун пайдаланбай калгандыгына байланыштуу чыгымдарды,үчүнчү тараптар менен милдеттенмелерин мөөнөтүнөн мурда токтоткондугуна байланыштуу чыгымдар кошо эсептелет(68-берене,3-пункт).

• мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар үчүн жер участогун ыйгарып алууда жер участогунун ээси же жерди пайдалануучунун макулдугу менен ага сатып алуу баасында жерге карата болгон укугунун баасын эсепке алуу менен башка жер участогу берилиши мүмкүн(68-берене,4-пункт).

Жер Кодекси ошондой эле жерге карата укуктун жана ага байланыштуу курулуштар ыйгарып алынышы мүмкүн экендигин төмөндөгү жүйөлөр менен негиздейт:

(i) жерди негизги максатынан тышкары, башка максатта пайдалануу[1];
(ii) жер участогун мамлекеттик жана коомдук муктаждыктарга ыйгарып алуу(сатып алуу);
(iii) айыл чарба багытындагы жерди үч жыл бою пайдаланбай койгондо;
(iv) айыл чарба багытында эмес берилген жерди аныктаган белгиленген мөөнөттүн ичинде пайдаланбай койгондо
(v) жер салыгын төлөбөгөндө
(vi) социалдык камсыздоо төлөмдөрүн төлөбөгөн учурда
(vii) Кыргыз Республикасынын "Жер байлыгы жөнүндө" мыйзамына ылайык, жерди колдонуу укугунан ажыратылганда (жок кылганда).

46. Жер участогу жана ага бекитилген курулуштар соттун чечиминин негизинде, Жер кодексинин 1-4 пункттарында каралган жагдайларда ыйгарып алынышы мүмкүн. 1-4-пункттарга ылайык жерди ыйгарып алуу укугунан ажыраткандыгы үчүн компенсация жана ага байланыштуу чыгымдарды төлөп бергенден кийин гана ишке ашырылышы мүмкүн (берене 49, пункт 4).

47. Жер Кодексинин 49 бересинин 1 пунктуна ылайык, жер участогунун ээси жана жерди пайдалануучу эгерде мыйзам тарабынан башкасы каралбаса, жер участогун ырастаган документтер менен же макулдашуу менен төмөндөгү укуктарга ээ:

- жерге өз алдынча ээлик кылууга, аны максаттуу пайдаланууга (49 берене, 1пункт, 1-подпункт)
- белгиленген тартипте имараттарды жана курулуштарды жер участогун максаттуу колдонулушуна карама каршы келбеген, архитектордук-пландоо, курулуш, экологиялык, санитардык-гигиналык, өрткө каршы жана башка атайын талаптарын (нормаларын, эрежелерин, нормативдерин)сактоо менен курганга (49берене 1-пункт, 5 подпункт)
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында көрсөтүлгөн тартипте компенсация талап кылууга
(49берене 1-пункт, 5 подпункт)

48. Жер кодексинде (78 берене, пункт 2) жерлердин коомдук максатында колдонулуу эрежелери көрсөтүлгөн. Айылдардагы, шаарлардагы коомдук жерлер (жолдор, парктар, тротуарлар, жолдун чекелери, суу булактары, бульварлар) жеке менчикке берилбейт, кээ бир өзгөчө мезгилде гана ыйгарымдуу мамлекеттик орган тарабынан ишканаларга же жеке адамдарга максимум 5 жылга ижарага гана берилет. Ыйгарымдуу мамлекеттик окул чакан имаратарды коомдук жерлерге салууга руксат бере алат.
( 78 берене, 3 пункт).

**d. "Автомобиль жолдору жөнүндө" мыйзам (№72 1998-жылдын 2-июну, 2008-жылдын 16-майындагы редакцияда)**

49. "Автомобиль жолдору жөнүндө" мыйзамга ылайык (4 берене), жалпы пайдалануудагы автомобилдик жолдор мамлекеттин менчиги болуп саналат, аларды сатууга,жеке менчикке өткөрүп берүүгө жол берилбейт. Ошондой эле бул мыйзам КР

[1] Жерлердин максаттуу дайындалышы - келишимде же башка укукберүүчү документтерде жер участогуна укуктуулугун күбөлөндүргөн документтерде көрсөтүлгөн максатта жер участогун колдонуу (Жер кодекси 1999, 67-берене, 30-пункут). Жер участогун, анын максаттуу колдонулушу бузулган учурда, соттун чечиминин негизинде кана колдонуудан чыгарууга мүмкүн болот (Жер кодекси 1999, 67-берене, 1-пункут).

Транспорт жана коммуникациялар министрлиги жана МАИнин уруксаты жок автожолдорго төмөндөгүлөргө тыюу салынат (27берене):

• жол четине соода сатык жүргүзүүгө
• киоск, павилион жана башка ушул сыяктуу курулуштарды жүргүзүүгө.

50. II беренеде каттоо учун зарыл болгон укук жана чектөөлөр каралган. 7 беренеде кечиктирүүдөгу жоопкерчилик каралган. 22 берене: токтоонун себептери жана каттоодо баш тартуу. 33. Келтирилген зыян учун жоопкерчилик

51. Автожолдорду мыйзамсыз пайдаланууда жерди мыйзамсыз пайдаланган убактысындагы өндүрүштүк чыгым акысы төлөнбөйт(23 берене).

**e. Мүлктөрдү баалоо жөнүндө жобо**

52. Активдерди баалоо баалоочу уюмдардын жана баалоочулардун ишмердигинин убактылуу эрежелеринин, (КР Өкмөтүн 2003-жылдын 21-августундагы №547токтому), мүлктү баалоо стандарттарынын КР Өкмөтүн 2006-жылдын 3-апрелиндеги №217 токтому) жана башка улуттук мыйзамдардын негизинде ишке ашырылат.

## G.3 Долбоордун принциптери

53. Кайра жайгаштыруу боюнча долбоордун принциптери төмөндөгүчө:

- Мажбур түрдө кайра жайгаштыруу жана жерге, курулуштарга жана негизги мүлккө болгон терс таасирлерди, баардык альтернативдик варианттарды изилдөө аркалуу, мүмкүн болушунча азайтуу же болбосо ага жол бербөө;
- Компенсация төлөп берүү жана жардам көрсөтүү, ишке ашыруу учурунда өз калыбына келтирүү нарктын принцибине негизделет.
- Эгерде үй чарбасы, өзүнүн жалпы мүлкүнүн 10 пайызы же андан көбүрөөк бөлүгү таасирге дуушар болсо, ал оор таасирге дуушар болгон үй чарбасы (ОТДУЧ) болуп эсептелет.
- Жер ооду болгон адамдар, жер мүлкүнө болгон укуктарына, же мыйзам тарабынан таанылуучу укуктарга ээ болбосо да, жерге байланыштуу эмес мүлктөрүнө, калыбына келтирүү нарктын негизинде компенсация алууга укуктуу.
- Ордуна берилүүчү үй куруу учун негизделген жер тилкеси жана айыл чарба жери, ыйгарып алынган жерге мүмкүн болушунча жакын жайгашуусу жана ооду болгон адамга ыңгайлуу болуусу шарт.
- Ооду болгон адамдардын катышуусу менен, аларды пландоо жана ишке ашыруу учурунда катышуусун камсыз кылуу үчүн, чоң мааниге ээ болгон консультациялар өткөрүлөт. Таасирленген адамдардын комментарийлери жана сунуштары эске алынат.
- Кайра жайгаштыруу планы, АӨБ тапшыруунун алдында, таасирленген адамдарга, аларга түшүнүктүү болуп эсептелген формада жана тилде ачыкка чыгарылат.

- Кайра жайгаштырууну аныктоодо, пландоодо жана колго алууда, аялдардын жана эркектердин кызыкчылыктары бирге эске алынат.
- Социалдык жана экономикалык тараптан таасирге жеңил дуушар боло турган топторду, мисалы: эгерде уй чарбанын башы аял-киши болсо, жаш балдар, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар, кары картаң адамдар, жер тилкеси жок, же белгиленген жакырчылык чегинен төмөн жашаса, аларды коргоого негизделген өзгөчө чаралар КЖПга камтылат.
- Учурдагы маданий жана диний практикалары, максималдуу түрдө корголот жана сакталат.
- Маданий тараптан туура келүүчү  жана гендердик тараптан жеңил түрдө социалдык таасирге дуушар болууну баалоо жана мониторинг, Долбоордун ар кайсы доорунда жүргүзүлөт.
- Кайра жайгаштырууга өтүү доору мүмкүн болушунча азайтылат.
- Кайсы бир аймакта, болжолдонгон курулуш иштеринин баштоо мөөнөтүнүн алдында, ооду болгон адамдарга калыбына келтирүү чаралары колдонулат.
- Компенсация төлөп берүүгө, жардам көрсөтүүгө жана кайра жайгаштырууга негизделген бюджет, жетиштүү суммада даярдалат жана Долбоорду ишке ашыруу учурунда жеткиликтүү болуусу камсыз кылынат.
- Кайра жайгаштыруунун башкаруу системасынын бөлүгү катары, эсеп-кысап алып баруу жана көзкарандысыз мониторинг так белгиленүүсү шарт.

54. Подрядчиктерди кабарландыруу кат, ТКМ тарабынан расмий жазуу түрүндө төмөндөгүчө билдирүү жасалмайынча, берилбейт:

(i) Компенсация, ооду болгон адамдарга толугу менен төлөнүп берилди жана калыбына келтирүү чаралар аткарылууда; Компенсация төлөп берилген/ жардам көрсөтүлгөн ооду болгон адамдар, өз учурунда белгиленген аймакты бошотуп беришти; жана

(ii) Аймакта эч кандай тоскоолдуктар жана кедергилер жок.

55. Укуктуулукту аныктоочу эн акыркы мөөнөт бул ТКИнин аяктаган күнү. Толук долбоор иштелип чыккандан кийин ТКИнин алкагында, долбоордун таасири тийген жер жана/же мүлктөр изилденилет жана инвентаризацияланант.

**Компенсацияга жол берүү жана компенсация алуу укуктары**

Жолду реабилитациялоонун негизинде пайда болгон таасирлер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана АӨБнын 2009-жылдагы коргоо чаралары боюнча саясатынын жоболоруна ылайык компенсацияланат. Компенсациялык төлөмдөрдүн матрицасынын жана компенсацияларды алууга болгон укуктуулугунун аныктоонун максаты болуп долбоор ишке аткарылгандан кийин кызыкчылыгына долбоордун таасири тийген адамдардын (КДТТА) долбоорго чейинки жашоо шартын сактап калуу же жакшыртуу болуп саналат. Долбоордун алкагында компенсация же кайра калыбына келтирүү үчүн каражат алууга укугу бар КДТТА төмөндө көрсөтүлгөн:

- Ээлик кылуу укугу/жерге болгон салттуу укугу ырасталган, жерлеринен айрылган өздөрүнүн укугун мыйзамдаштыра ала турган, юридикалык укуктары жок бардык КДТТА;
- Ижарачылар жана үлүш ижарачылар (катталган жана катталбаган);
- Жерге бекитилген курулуштардын, айыл-чарба өсүмдүктөрдүн же башка мүлктөрдүн ээлери;
- Бизнесин, кирешесин жана айлык акысын жоготкон кызыкчылыгына долбоордун таасири тийген адамдар.

Компенсацияларды алуу укуктуулугун аныктоонун мөөнөтү – 2013-жыл 16-июнь 17:00 жекшемби менен чектелет. (кызыкчылыгына таасир эткен адамдарды каттоону аяктоо жана кожолуктарды сурамжылоо аяктаган күнү). Эгерде КДТТА жогоруда көрсөтүлгөн мөөнөттөн кийин кайрылса, анда компенсация алуу укугунан ажырайт. Көрсөтүлгөн мөөнөттөн кийин билинип, орун алган таасирлер, арыздарды кароо тобу тарабынан каралат (АКТ) жана арыз берген адамдын компенсация алууга укуктуулугу АКТнын чечими боюнча аныкталгандан кийин компенсация төлөнүп берилет.
Кызыкчылыгына таасир эткен адамдарга төлөнүүчү компенсация/кайра калыбына келтирүү үчүн каражаттардын жоболору төмөндөгү таблицада көрсөтүлгөн.

**Д. Компенсациялык төлөмдөрдүн матрицасы**

| Таасирдин түрү | Компенсация алууга укуктуу КДТТА | Укугу | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| Жер | Ээси\Ижарачы | Колдонулбайт | Долбоордун алкагына кирген жерлер мамлекеттик менчик жана бөлүнүп берилүүчү жер тилкесинин ичинде. Бул жерлер сатылып алынбайт, компенсация төлөнбөйт. |
| Имараттар (курулуштар, үйлөр, чатырлар) | Ээси | Акчалай компенсациянын өлчөмү материалдардын, эмгек акынын жана материалдарды транспорт менен ташуу акысына жана кошумча курулуштарды кайра калыбына келтирүүнүн наркына жараша болот. | Көз карандысыз баалоонун жыйынтыгы боюнча. Эскирген же утилизацияланган материал эсептен чыгарылып ташталбайт |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Дүкөндөр | Ээси | Акчалай компенсациянын өлчөмү материалдардын, эмгек акынын жана материалдарды транспорт менен ташуу акысына жана кошумча курулуштарды кайра калыбына келтирүүнүн наркына жараша болот | Көз карандысыз баалоонун жыйынтыгы боюнча. Эскирген же утилизацияланган материал эсептен чыгарылып ташталбайт |
| Тосмолор | Ээси | Тосмолорду жылдырууга жана жылдырууда пайда болушу мүмкүн болгон зыяндарга компенсация төлөө | Көз карандысыз баалоонун жыйынтыгы боюнча. |
| Бизнес (ири) | Ээси | Бизнестен кирешени жоготкондугу үчүн бизнес-обьект иштебей токтоп турган мөөнөткө (жаңы дүкөндүн курулушу жүрүп жаткандыгына жана бизнести калыбына келтирүүгө байланыштуу) салык декларациясынын\патенттин, негизинде, бул жок болсо салык төлөнбөгөн минималдуу кирешенин негизинде компенсация төлөнөт. | Компенсация 3 айга төлөнөт (2 айга – май куюучу жайларды жана дүкөндөрдү реконструкциялоо үчүн, 1 айга – дүкөндөрдү калыбына келтирүү үчүн) |
| Бизнес (чакан) | Ээси | Бизнестен кирешени жоготкондугу үчүн бизнес-обьект иштебей токтоп турган мөөнөткө (жаңы дүкөндүн курулушу жүрүп жаткандыгына жана бизнести калыбына келтирүүгө байланыштуу) салык декларациясынын\патенттин, негизинде, бул жок болсо салык төлөнбөгөн минималдуу кирешенин негизинде компенсация төлөнөт | Компенсация 1 айга төлөнөт. |
| Бизнес (ири жана чакан) | Ижарачылар | Бизнестен кирешени жоготкондугу үчүн бизнес-обьект иштебей токтоп турган мөөнөткө (жаңы дүкөндүн курулушу жүрүп жаткандыгына жана бизнести калыбына келтирүүгө байланыштуу) салык декларациясынын\патенттин, негизинде, бул жок болсо салык төлөнбөгөн минималдуу кирешенин жана | Компенсация чоң бизнес үчүн 3 айга жана 1 айга кичи бизнес үчүн |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | ижара акысынын негизинде компенсация төлөнөт | |
| Убактылуу бизнес | Ээси\ижарачы | Жаңы орунга көчүрүлгөндүгүнө байланыштуу убактылуу бизнестин иштебей токтоп турган мөөнөткө компенсация. | Компенсация бир жумага төлөнөт. |
| Бак-дарактар | Ээси | Дарактардын наркы алардын диаметрине жараша эсептелинип, компенсациянын өлчөмү аныкталат.(түшүм бербеген бак дарактар үчүн). Түшүм берүүчү дарактар үчүн компенсациянын өлчөмү ххх жылдагы түшүмдүн учурдагы базар баасынын негизинде аныкталат. | Көз карандысыз баалоонун жыйынтыгы боюнча. Бак-дарактарды отургузуу 2015-жылдын жазында аткарылат – жол боюндагы ТКМне таандык бак дарактар. |
| Жумушчу күч | | Жоготулган маянага же айлык акыга учурдагы ставкага тең болгон акчалай компенсация | Компенсация бир айга төлөнөт. |
| Олбуттуу таасирди женилдетүү үчүн жөлөк пулдар | 10%дан жогору жоготууларга учураган адамдар | Минималдуу жашоо минимумуна негизделген 1 айлык жөлөк пулдар | Минималдуу жашоо минимуму Чүй облусу үчүн ххх, Жалал-Абад облусу үчүн – ххх |
| Муктаж адамдар жөлөк пулу | Кедейчилик чегинин астында жашаган КДТТА же аял/мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар тарабынан башкарылган кожолуктар. | Минималдуу жашоо минимумуна негизделген 1 айлык жөлөк пулдар. Жаңы коммерциялык ишканаларды каттоодо акысыз юридикалык жардам көрсөтүү. | Кыргыз Республикасында кедейчилик чеги 2013-жылы жылына 54600 сомду түзөт. Бир айлык маяна 4550 сомду түзөт. Бул боюнча жардам көрсөтүү үчүн жөлөк пулдар имараттардын кайра калыбына келтирүү наркына киргизилди. |

**Е. Компенсациянын ставкалары**

Төмөнкү таблицада долбоордун таасири тийген объекттер үчүн компенсация өлчөмү көрсөтүлгөн. Толук маалымат Жерлерди ыйгарып алуу жана кайра жайгаштыруу планында көрсөтүлөт:

| Обьект | | Бирдиги | Бирдигинин баасы (сом) |
|---|---|---|---|
| Имаратка тийгизген таасири | КЖПда ар бир имарат үчүн аныкталат | | |
| Бак-дарактар (мөмө бербегендер) | Бак-дарактардын базар баасы | м3 | Бак-дарактар көлөмүнө жараша өзгөрөт |
| Бак-дарактар (мөмө бергендер) | ХХХ жылдык түшүмдүн базар баасы | бирд | Бак-дарактардын жашына жараша өзгөрөт |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бак-дарактарды көчүрүү | Көчүрүүнүн\келтирилген зыяндын наркы | м | XXX |
| Коммерциялык чыгымдар | Ар бир дүкөн (киоск), май-куюучу жайдын ээси үчүн аныкталат | | |
| Катуу таасирди женилдетүү боюнча жөлөкпул | Минималдуу жашоо минимунуна негизделген 1 айлык жөлөк пулдар | бирд | xxx |
| Муктаж адамдарга жөлөкпул | Минималдуу жашоо минимунуна негизделген 1 айлык жөлөк пулдар | бирд | xxx |

**Арыздарды кароонун механизми (АКМ)**


Көйгөйлөрду кабыл алуу, кароо, талдоо жана чечилишин тездетүү үчүн; кызыкчылыгына долбоордун таасири тийген адамдардан кайра жайгаштыруу планын ишке ашыруу иш аракеттери боюнча түшкөн арыздарды, сунуштарды жана талаптарды кароо үчүн Арыздарды кароонун механизми түзүлөт. Кызыкчылыгына долбоордун таасири тийген адамдар өздөрүнүн укуктары жана арыздарды кароо процедуралары жөнүндө ооз эки же жазуу түрүндө консультация, компенсация төлөмдөрүн аткаруу жана долбоорду ишке ашыруу мезгилинде толук түрдө маалымат ала алышат. Арыздарды кароонун узакка созуулуучу процесстерине жол бербөө максатында арыздарды пайда болтурбоо боюнча иш-аракеттер аткарылат.

Эгерде кызыкчылыгына долбоордун таасири тийген адамдарга зыян келтирилсе, анда алар АКМге жергиликтүү ыйгарымдуу укуктуу өкүл (ЖЫУО) аркылуу кайрыла алышат; ТКМ алдындагы Инвестициялык Долбоорлорду Ишке Ашыруу Тобунун алдындагы коргонуу чаралары бөлүмү жана Арыздарды кароо Тобу (АКТ) аларга көмөк көрсөтөт. АКТ долбоорду ишке ашыруу мезгилине түзүлөт.

**Арыздарды кароо процессии төмөнкү этаптардан турат:**

Биринчи этапта ЖЫУО КДТТАнын арызын угуп, анын арызын чечүү үчүн ыңгайлуу жолдорду тапканга аракет жасайт. Эгерде КДТТА кабыл алынган чечимге канааттанбаса, анда ал өзүнүн жазуу түрүндөгү арызын 3 күндүн ичинде АКТга тапшырат.
КДТТАнын жазуу түрүндө түшкөн арызын алгандан кийин, ЖЫУО АКТ тарабынан арыздын каралышы үчүн досье даярдайт. Арыз ЖЫУО тарабынан бекитилген жана КДТТА тарабынан макулдашылган күнү АКТнын катышуусунда расмий түрдө каралат.
Арыз карала турган күнү КДДТА тиешелүү айыл-өкмөтүнүн имаратында АКТнын алдына чыгып дооматын билдирет жана өзүнүн арызынын жөндүүлүгүн далилдейт. ЖЫУО арыз ээсинин көрсөтмөлөрүн кагаз бетине түшүрүп, бүт далилдерди документтештирет. АКТнын мүчөлөрүнүн көпчүлүгү тарабынан кабыл алынган чечим акыркы чечим болуп саналат. Бул чечим ЖЫУОго берилет жана АКТнын башка мүчөлөрү тарабынан кол коюлат. Протоколго киргизилген арыз боюнча материалдар жаңыртылат, ал эми ЖЫУО, арыз түшкөн күндөн баштап 15 күндүн ичинде, арыз берген КДТТАга кабыл алынган чечимди маалымдайт. Эгерде КДТТА кабыл алынган чечимге канааттанбаса, анда ЖЫУО анын жазуу түрүндөгү арызын кабыл алынган чечимдер жана жергиликтүү денгээлде даярдалган тастыктоочу документтер менен бирге ТКМ алдындагы борбордук денгээлдеги АКТга жөнөтөт.
КДТТАнын жазуу түрүндө арызын алгандан кийин борбордук денгээлдеги АКТнын өкүлү АКТ тарабынан арыздын каралышы үчүн досье даярдайт. Арыз АКТнын өкүлү тарабынан

бекитилген жана КДТТА тарабынан макулдашылган күнү АКТнын катышуусунда расмий түрдө каралат. АКТ арыз ээси менен байланышып, анын айылына жөнөйт. ИДИАТтын долбоордун координатору КДТТАнын адамдын арызын жазып, бардык далилдерди документтештирет. АКТнын мүчөлөрүнүн көпчүлүгү тарабынан кабыл алынган чечим акыркы чечим болуп саналат. Бул чечим АКТнын өкүлүнө берилет жана АКТнын башка мүчөлөрү тарабынан кол коюлат. Протоколго киргизилген арыз боюнча материалдар жаңыртылат, ал эми арыз түшкөн күндөн баштап 15 күндүн ичинде ИДИАТтын долбоордун координатору арыз берген КДТТАга кабыл алынган чечимди маалымдайт.




Долбоор жөнүндө консультация же кошумча маалымат алуу үчүн төмөнкү даректер боюнча кайрылууга болот:

(i) Рената Есембаева, коомчулук менен байланышуу боюнча адис
ИДИАТ, ТКМ.
Бишкек, Исанова, 720017
Тел.: 31 40 54
Факс: 31 43 78

(ii) Мамаев Кубанычбек Абдрахманович, директор ИДИАТ, ТКМ
Бишкек, Исанова, 720017
тел.: (0312) 970970; факс: (0312) 314378
эл. почта: bishkekroad@infotel.kg

(iii) Руслан Сатыбалдиев, аймактык координатор,
ИДИАТ, ТКМ
Бишкек, Исанова, 720017
тел.: (0553) 50-40-41
эл. почта: RSatybaldiev@piumotc.kg

(iv) Светлана Келдибаева, коргоо чаралары боюнча адис,
ИДИАТ, ТКМ
Бишкек, Исанова, 720017
тел.: (0772) 10-08-79; факс: (0312) 314378
эл. почта: Skeldibaeva@piumotc.kg

(v) Абдыгулов Асылбек, айлана чөйрөнү коргоо боюнча адис,
ИДИАТ, ТКМ
Бишкек, Исанова 42, 720017
тел.: (0558) 50-08-50; факс: (0312) 314378
эл. почта: asylbekA@piumotc.kg

Долбоор жөнүндө маалымат жана ачыкталган Кайра Жайгаштыруу планы ИДИАТнун жана ТКМнын сайттарында жайгаштырылат: www.piumotc.kg и www.mtc.gov.kg.

## «Арыздарды Кароо Тобу жөнүндө»

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана Коммуникация министрлигинин алдындагы ИДИАТ жана жергиликтүү бийлик бутактарынын жана жарандык коомдун ортосунда макулдашылган иш аракеттерди аткарылышын жана Ош-Бишкек автожолунун 4-фазасын, Джалал-Абад – Маданият (к508-км571) бөлүгүн реабилитациялоо долбоору ишке ашырылып жаткан учурда кызыкчылыгына долбоордун түз же каймана түрдө таасири тийген адамдардан келип түшкөн арыздарды убагында каралышын камсыздоо максатында **буйрук кыламын:**

1. Жарандардын Бишкек-Ош автожолун реабилитациялоо долбоорунун 4-фазасын, Джалал-Абад – Маданият (к508-км571), ишке ашыруу убагында пайда болгон жана/же пайда болуп жаткан арыз дооматтарын кароо үчүн төмөнкү курамдагы адамдардан турган Арыздарды Кароо Тобу түзүлсүн:

1.1. Жергиликтүү деңгээлде Жалал-Абад облусунун Ноокен районунда:
- Төрөканов Д., Момбек айыл өкмөтү;
- Эгембердиев К., Кочкор-Ата мэриясынын өкүлү
- Куманкулов А., Ноокен айыл өкмөтүнүн башчысы;
- Токтогулов Ж., Массы айыл өкмөтүнүн башчысы;
- Курбанов Р., ДЭП-22нин начальниги;
- кызыкчылыгына долбоордун таасири тийген адамдардын өкүлдөрү 2 кишиден аз эмес (макулдашуу менен);
- консалтинг компаниянын өкүлү;
- Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад областы боюнча Омбудсмендин өкүлү (макулдашуу менен).

1.2. Жергиликтүү деңгээлде Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районунда:
- Базаркулов Б., Кенеш айыл өкмөтүнүн башчысы
- Алибаев А., Базар-Коргон айыл өкмөтүнүн башчысы;
- Атакулов А., Акман айыл өкмөтүнүн башчысы;
- Курбанов Р., ДЭП-22нин начальниги;
- кызыкчылыгына долбоордун таасири тийген адамдардын өкүлдөрү 2 кишиден аз эмес (макулдашуу менен);
- консалтинг компаниянын өкүлү;
- Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад областы боюнча Омбудсмендин өкүлү (макулдашуу менен).

1.3. Жергиликтүү деңгээлде Жалал-Абад облусунун Сузак районунда:
- Сариев А., Сузак айыл өкмөтүнүн башчысы;
- Токоматов К., Ырыс айыл өкмөтүнүн башчысы;
- Жаныбеков А., Барпы айыл өкмөтүнүн башчысы;
- Хажиматов У., Атабек айыл өкмөтүнүн башчысы;
- Курбанов Р., ДЭП-22нин начальниги;
- кызыкчылыгына долбоордун таасири тийген адамдардын өкүлдөрү 2 кишиден аз эмес (макулдашуу менен);
- консалтинг компаниянын өкүлү;
- Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад областы боюнча Омбудсмендин өкүлү (макулдашуу менен).

1.4. Борбордук денгээлде:

- Мамаев К., директор ИДИАТ ТКМ КР;
- Сатыбалдиев Р., аймактык координатор ИДИАТ ТКМ КР;
- Келдибаева С., коргонуу чаралары боюнча адис ИДИАТ ТКМ КР;
- Абдыгулов А., айлана чөйрөнү коргоо боюнча адис ИДИАТ ТКМ КР Курбанов Р.Т., ДЭП-22нин начальниги;
- консалтинг компаниянын өкүлү;
- Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад областы боюнча Омбудсмендин өкүлү (макулдашуу менен).

2. Бекитилсин:

2.1. Бишкек-Ош автожолун реабилитациялоо долбоорунун 4-фазасын, Жалал-Абад-маданият бөлүгүн, ишке ашыруу убагында пайда болгон жана/же пайда болуп жаткан арыз дооматтардын төмөнкү тартипте каралышы:

- жергиликтүү деңгээлде 15 иш күндүн ичинде чечим чыгаруу менен;
- борбордук деңгээлде 15 иш күндүн ичинде чечим чыгаруу менен.

2.2. Айыл өкмөттөрүнүн башчылары жергиликтүү ыйгарымдуу өкүл болуп эсептелиниши.

3. Арыздарды кароо тобу тарабынан Бишкек-Ош автожолун реабилитациялоо долбоорунун 4-фазасын, Жалал-Абад-Маданият, ишке ашыруу убагында пайда болуп жаткан жана/же пайда болуп түшкөн арыздарды өз убагында каралышын жана ушул буйруктун 2 пунктунун талаптарын аткаруу менен туура чечим чыгарылышы камсыздалсын.

4. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө ТКМдын алдындагы ИДИАТтын директору Мамаев Кубанычбек Абдурахмановичке жүктөлсүн.

**Министр** **К. Султанов**

**Буйруктун долбоору макулдашылды:**

| | |
|---|---|
| Министрдин орун басары | К. Ибраев |
| Начальник УЗД и ПП | А. Асаналиева |
| Начальник УРЧР и ЭД | А. Ибрагимов |
| Директор ИДИАТ | К. Мамаев |

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТРАНСПОРТ ЖАНА КОММУНИКАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ТРАНСПОРТА И КОММУНИКАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

00036512 код ОКПО код ОКПО 00036512

№ 150 «10» июля 2013 ж.

## «О Группе по рассмотрению жалоб»

В целях обеспечения согласованного взаимодействия ГРИН при Министерстве транспорта и коммуникаций КР с местными органами власти и гражданским обществом, и своевременного рассмотрения жалоб и заявлений граждан, подпадающих под прямое или косвенное воздействие Проекта реабилитации Фазы-4 автомобильной дороги Бишкек-Ош, участок Джалал-Абад – Маданият с 508 по 571 км, **приказываю:**

1. Образовать Группу по рассмотрению жалоб и заявлений граждан, возникающих и/или возникших в процессе реализации Проекта реабилитации Фазы-4 автомобильной дороги Бишкек-Ош, участок Джалал-Абад – Маданият с 508 по 571 км в составе, с рассмотрением жалоб и заявлений:

1.1. На местном уровне в Ноокенском районе Жалал-Абадской области:

- Тороканов Д., глава Момбекского айыл окмоту;
- Эгембердиев К., представитель мэрии города Кочкор-Ата;
- Куманкулов А., глава Ноокенского айыл окмоту;
- Токтогулов Ж., глава Массыйского айыл окмоту;
- Курбанов Р., Начальник ДЭП-22;
- представители лиц, подвергшихся воздействию проекта не менее 2-х человек (по согласованию);
- представитель консультационной компании;
- представитель Омбудсмена КР по Жалал-Абадской области (по согласованию).

1.2. На местном уровне в Базар-Коргонском районе Жалал-Абадской области:

- Базаркулов Б., глава Кенешского айыл окмоту;
- Алибаев А., глава Базар-Коргонского айыл окмоту;
- Атакулов А., глава Акманского айыл окмоту;

№ 0000668

- Курбанов Р., Начальник ДЭП-22;

- представители лиц, подвергшихся воздействию проекта не менее 2-х человек (по согласованию);

- представитель консультационной компании;

- представитель Омбудсмена КР по Жалал-Абадской области (по согласованию).

1.3. На местном уровне в Сузакском районе, Жалал-Абадской области:

- Сариев А., глава Сузакского айыл окмоту;
- Токоматов К., глава Ырыского айыл окмоту;
- Жаныбеков А., глава Барпынского айыл окмоту;
- Хажиматов У., глава Атабековского айыл окмоту;
- Курбанов Р., Начальник ДЭП-22;
- представители лиц, подвергшихся воздействию проекта не менее 2-х человека (по согласованию);
- представитель консультационной компании;
- представитель Омбудсмена КР по Жалал-Абадской области (по согласованию).

1.4. На центральном уровне:

- Мамаев К., директор ГРИП МТиК КР;
- Сатыбалдиев Р., региональный координатор ГРИП МТиК КР;
- Келдибаева С., специалист по защитным мерам ГРИП МТиК КР;
- Абдыгулов А., специалист по защите окружающей среды ГРИП МТиК КР;
- Курбанов Р.Т., начальник ДЭП-22;
- представитель консультационной компании;
- представитель Омбудсмена КР по Жалал-Абадской области (по согласованию).

2. Установить, что:

2.1. Все жалобы и заявления жителей, возникающие или возникшие в процессе реализации Проекта реабилитации Фазы-4 автомобильной дороги Бишкек-Ош, участок Джалал-Абад – Маданият с 508 по 571 км, будут рассматриваться в следующей последовательности:

- на местном уровне с принятием решения в течение 15 рабочих дней;
- на центральном уровне с принятием решения в течение 15 рабочих дней.

2.2. Главы айыл окмотов являются местными уполномоченными лицами.

3. Группе по рассмотрению жалоб обеспечить своевременное рассмотрение и вынесение соответствующего решения по итогам рассмотрения поступающих жалоб и заявлений жителей, возникающие или возникшие в процессе реализации Проекта реабилитации Фазы-4 автомобильной дороги Бишкек-Ош, участок Джалал-Абад – Маданият с 508 по 571 км, в порядке, предусмотренным в соответствии с пунктом 2 настоящего приказа.

4. Контроль исполнения настоящего приказа возложить на Мамаева К.А.- директора ГРИП при МТ и К КР.

**Министр** **К. Султанов**